**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**“ЖИБЕК-ЖОЛУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ МЕКЕМЕСИ”**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЖИБЕК-ЖОЛУ”**

**Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңешинин I чакырылышынын**
**2026-жылдагы кезектеги III отуруму**

# ТОКТОМ
**№3/4**

15-апрель 2026-жыл. Согонду айылы

**Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагындагы муниципалдык менчиктеги жана кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин ижара акысын бекитип берүү жөнүндө**

Жибек-Жолу айыл өкмөтүнүн аймагындагы муниципалдык менчиктеги жерлерди жана кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин аукционго коюу жана жерлердин ижара акысын бекитип берүү жөнүндө Жибек-Жолу айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнө караштуу кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлерин ижарага берүү үчүн баасы төмөндөгүдөй өлчөмдө белгиленсин; Кайрак айдоо 1 га жер үчүн 1500 сомдон.Чөп чабынды 1 га. Жер үчүн 1500 сомдон.

2. Жибек-Жолу айыл өкмөтүнө караштуу Муниципалдык менчиктеги жерлерин ижарага берүү үчүн баасы төмөндөгүдөй өлчөмдө_белгиленсин;
   - Сугат жер үчүн -250 сом/кв.м;
   - Кайракы жер үчүн -50 сом/кв.м;
   - Көп жылдык өсүмдүктөр (бак)-234 сом/ кв,м;
   - Чөп чабындылар үчүн-50 сом/кв,м.

3. Жер салыгы жана жана камсыздандыруу мүчөлүк акылары аукциондон утуп алгандан кийинки келишимдин негизинде көрсөтүлгөн сумманын эсебинен түзүлсүн;

4. Токтомдун аткарлышын көзөмөлгө алуу айылдык кеңештин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б. Ж. Артыков**